## *Сиз спонсорсузбу?*

**Анда сиз толук ишенсеңиз болот:**

- Сиздин салымыңыз Кыргыз айыл жаштары үчүн жумшалат.
- Сиз жашап жаткан жергиликтүү жаамат аралык же регионалдык, улуттук деңгээлде жеке абройлуу, кардыр баркка ээ адам болуп тааныласыз

## *Сиз донор уюмунун өкүлү болосузбу?*

**Анда сиздин уюмда төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөр пайда болот:**

- АКП/Хельветастын жана кызыккан тараптар тарабынан бир нече жылдар боюу сыналган, практикалык жана теориялык билим шыктарга ээ, базар талабына ылайык жана айыл чарба багытындагы окуунун айылдык жаштар тарабынан өздөштүрүүсүнө сиз көмөк көрсөтөсүз.
- Миң жылдыкты өнүктүрүү “Билим берүү баардыгы үчүн” максатын аркалап айылдагы жакырчылыкты жоюуга салмыңызды кошосуз.
- АКП/Хельветастын көмөгү менен сиздин проектинин же программанын айыл жаштарын же фермерлерин окутуу максатына жете аласыз.







## Биздин дарек:

Тоң району, Бөкөнбаев айылы, Кыргыз көчөсү 54, ПЛ № 81
Тел. (03947) 91-5-41, 91-4-69

**Биздин өнөктөштүн дареги:**

Айылдык Кесиптик Проект (АКП):
т. 51185; 50685 (факс)
E-mail: avep@helvetas.kg,
www.helvetas.kg

**<u>КОЖО</u>ну уштуруу ассамблеясына сизди кош келиңиз деп күтөбүз!!!**

# №81 - Кесиптик лицейи

## “Өнөр - агып жаткан булак, Билим - жанып турган чырак”



**Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги
Баштапкы кесиптик билим берүү башкармачылыгы**

*Бөкөнбаев - 2006-ж.*

***КОЖО Коомдук фондун түзүү ассамблеясы***

Айыл жаштарынын жана айыл жергесинин келечеги сизди тынсыздандырабы? Сиздин уул -кыздарыңыздын жана Кыргызстандын келечегине салым кошкуңуз келеби?

Анда, Урматтуу дыйкан жана фермерлер, балдарынын келечегине кам көргөн ата-энелер, менчик компаниянын өкүлдөрү, спонсорлор жана донор уюмунун өкүлдөрү, Сиздерди 2006-жылдын 22-июнда, саат 10:00до №81 Кесипчилик лицейдин имаратында “Ишкер-фермер” кесибин ачуу негизинде Кесиптик Окутуунун Жергиликтүү Органын (КОЖО) түзүү боюнча, Хельветас-Кыргыз Швейцариялык Эл аралык кызматташуу ассоциациясынын колдоосу менен өтүлүүчү уюштуруу ассамблеясына чакырабыз.

***КОЖО (Кесиптик Окутуунун Жергиликтүү Органы) деген эмне?***

⇒ Кесипке окутууга кеткен каржылоо саясатын аныктайт, тиешелүү ресурстарды камсыздайт. Буга өкмөт, акы төлөгөн адамдар, өз ыктыяры жана кызматка милдеттүү түрдө салымын кошуп жаткан башка адамдар, донорлор, спонсорлор кирсе болот;





⇒ Кожоюн - баага, окутуунун маанисине, план программаларына курстун мөөнөтүнө карата өзүнүн ойун билдире алат. Буларга кызмат берүүчүлөр, кызматты колдонгон топтор, кызматташуу уюмдары жана проектилер кирет.

⇒ Камсыздоочулар: кызматты же окууну/курсту колдонуучуларга камсыздайт. Камсыздоочуларга кесиптик окуу жайлар, жумуш ордунда окутуу борборлору кирет.

⇒ Колдонуучулар: окутуунун пайдасын көрөт. Мындан сырткары өздөштүрүлгөн билими жашоо шартына жана кызмат берүүчүлөргө пайдасын тийгизет.

**КОЖО ЭМНЕ ИШ АТКАРАТ?**

⇒ Каржылоочулар менен контракт түзүү аркылуу окутуу курсун, каржылоо фонддун түзөт жана каржылоо булактарын табат.

⇒ Окууга төлөнүүчү акынын өлчөмүн чечет.

⇒ Кесиптик окуу жай менен окутуу контрактысын түзөт.

⇒ Каржылоочулар менен түзүлгөн контракттын негизинде төлөнүүчү каражатты берип турат.

⇒ Курсту рекламалайт.





***Сиз КОЖОнун мүчөсү катары кандай пайда аласыз?***

***Сиз менчик компаниянын өкүлүсүзбү?***

**Анда:**

- Сиздин айыл чарба өсүмдүктөрүн жана мал чарба продуктуларын камсыздаган поставщиктериңиз сизге сапаты жогору сырьелорду камсыздайт. Ал эми сиз болсо аны менен өзүңүздүн продуктуларыңызды жакшырта аласыз.
- Кыргыз улутунун келечектүү муундарына сиздин компанияңыздын салымы аркылуу сиздин клиенттериңиз сиздин компанияңызды жакшы тааный баштайт.
- Маалымат кампаниясы аркылуу айыл жаштарын окутууга көрсөткөн көмөгү зор деп, сиздин иштериңиз коомчулукка тарала баштайт.
- Чийки продуктуларды камсыздаган сиздин поставщиктер же сиздин кооперативде/чарбада иштей турuучу кызматкерлерди окуткуңуз келсе, анда кесиптик окуу жайга сиздин кызматкерлер кандай шыктарга ээ болушу кереги тууралу өзүңүз сунуш айтала аласыз.



